УДК 371.3:8-14

Орумбаев Т.О., Өмүрзакова К.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ОРТО МЕКТЕПТЕ АЙРЫМ КЕНЖЕ ЭПОСТОРДУ ОКУТУУНУН МАКСАТЫ ЖАНА МАЗМУНУ

*Бул макалада орто мектепте көркөм адабият сабагында кенже эпосторду, анын ичинен «Кожожаш» эпосун окутуунун максаты жана айрым методикалык ыкмалары жөнүндө сөз болот.*

Дүйнө элдеринин ичинен элдик оозеки чыгармачылыктын океанын жараткан кыргыз эли, оозеки адабияттын кайсы гана жанрында болбосун, ар бир сөздүн тарбиялык маанисин таасын баалап, аны оозеки түрүндө укумдан-тукумга мурас катары калтырып, уул-кыздарын ошол акыл-ойдун казынасын атадан-балага калтырган көөнөрбөс кенч катары көздүн карегиндей сактап келүүгө үйрөтүшкөн. Эл тарыхынан жаралган элдик каармандар нечендеген кылымдарды карытып, эл-жери үчүн өзүнүн канын-жанын аябаган нечендеген элдик баатырларга табиятынан соолбос булагы болуп бүгүнкү күндө биздин муунга да жетип, өз милдетин аркалап жаткан кези. Азыркы мезгил үчүн деле орто мектептерде элдик оозеки чыгармаларды окутуунун мааниси жөнүндө орус элинин чыгаан жазуучусу А.М.Горькийдин: «Элдик оозеки чыгармачылыкты билбей туруп, чыныгы эмгекчил элдин тарыхын билүүгө болбойт» - деген сөзүн эске түшүрсөк болот.

Диалектиканын илимий-методологиялык өнүгүш закон ченемдүүлүгүнүн негизине таянып, адамзаттын өнүгүш тарыхына элдик оозеки чыгармачылыктын тийгизген таасирин ар тараптан изилдеп үйрөнүп, иш жүзүндө колдоно билүү өтө маанилүү экендигин адамзаттын көп жылдык жашоо тажрыйбасы да далилдеп отурат. Кайсы гана элдик оозеки чыгарамачылык болбосун, анын бирден-бир белгиси доордун өнүгүшүнүн өзгөчөлүгүн жалпылаштырып чагылдырып, алгачкы адам коомунун шартын кийинки доорлорго чейинки жашоо үчүн күрөшүүсү менен тарыхый өнүгүшүн жана ошол мезгиле таандык болгон өзгөчөлүктөрүн сүрөттөп берүү мүмкүнчүлүгүндө. Буга ачык далил катары тарыхта кеңири белгилүү болгон бир нече мисалга токтололу. Ф.Энгельс өзүнүн «Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы» аттуу эмгегин дүйнө элдеринни элдик оозеки чыгармаларын ар тараптуу окуп-үйрөнүп, фольлордук фактылардын негизинде жазгандыгы - тарыхый факт. Немец тарыхчысы Г.Шлимман грек элинин легендарлуу акыны Гомердин «Илиада» менен «Одиссея» поэмаларын терең изилдеп үйрөнгөндөн кийин, поэмадагы Троя шаарынын болжолдуу калдыгы деп эсептеген жерге археологиялык казууларды жүргүзгөн. Археологиялык казуулардын натыйжасында Г.Шлимман чыгармадагы тарыхый, географиялык фактылардын реалдуулугун толук аныктап, ал гана эмес чыгарманын башкы каарманы болуп эсептелген Агамемнондун эпикалык чыгармадагы сүрөттөлүп көрсөтүлгөн алтын маскасынын дал өзүн археологиялык казуулардын учурунда тапкандыгы белгилүү.

Жогорудагыдай фактыларды кыргыз элинин оозеки чыгармаларынан да кезиктирүүгө болот. «Мал ээси - машайык» жана «Алыстагы олуядан жакындагы машайык» деген сөзгө көңүл буралы. Аталган сөз «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» да, К.К.Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» да «кудай сүйгөн олуя», орусча: «угодник божий» деп берилген (520-б.) Ал эми кытай тарыхчысы Сы Май Цяндын тарыхында: «Первый месяц в году называют Маоши «Ай». «Ай», значит, месяц три месяца составляют четверть года». Кытай тарыхындагы «Маошай» деген сөздүн мааниси биринчи «ай» дегенди билдирсе, кийинчерээк өз маанисин толук жоготпостон башкачараак мааниге өткөн.

Орус элинин чыгаан жазуучусу А.М.Горький: «Эл - бардык материалдык кымбат баалуу нерселерди түзүүчү күч гана эмес, кымбат баалуу духовный-руханий нерселердин туюнгус түгөнгүс булагы, эл чыгармасынын коздугу жана гениалдуулугу жагынан жер жүзүндөгү бардык зор поэмаларды, бардык трагедияларды жана алардын эң улуусу - бүткүл дүйнөнүн маданияттык тарыхын биринчи болуп жараткан философ жана акын болуп эсептелет», - деп жазган. Чындыгында эле, эл өзүнүн таламдарына гана жооп берген, өзүнүн мүдөөсүн чагылдырып көрсөткөн нерселерди гана эсине сактайт да, элдин экономикалык-саясий көз карашын, маданиятын, жашоо шартын, көркөм ойлоонун продукциясы болгон көркөм чыгармага айландырат. Ошондуктан искусствонун ичинен адам көңүлүнө эң узак уялаган өнөр - сөз өнөрү.

Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгын орто мектептерде
окуп-үйрөнүүдө билим берүүдөгү колдонулган педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык принциптерди башкы критерий катары аныктасак, анда көркөм чыгармаларды хронологиялык, тематикалык жана линейлүүлүк негизге ылайыктап, катмарга бөлүп окутуу максатка ылайыктуу. Эгерде биз кыргыз элинин кенже эпосторун жогорудагы көрсөтүлгөндөй принциптерге ылайыкташтырып жайгаштырсак, анда орто мектептердин окуу программасында төмөнкүдөй тартипте жайгаштырып окутуу максатка ылайыктуу деп эсептейбиз: «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Эр Табылды», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Жаңыл Мырза», «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи Бөкөй» жана «Кедейкан». Кенже эпостордун мындай тартипте жайланышып окутулушу:

1. Элдин акыл-эсинин, дүйнөгө болгон көз карашынын эң төмөнкү баскычынан тартып бүгүнкү күндөгү өсүп-өнүккөн формасына чейинки абалын мектеп окуучуларынын билип үйрөнүүсүнө жеңил болот.
2. Элдин экономикалык, маданий жана дипломатиялык жактан абалын, карым-катышын окуп-үйрөнүү закон ченемдүүлүк түрдө өнүгүш деңгээлинде үйрөтүлөт.
3. Предмет аралык байланышты окуп үйрөнүүдө:

- Тарых илимдеринин аспектисинде: коомдук формациялардын өзгөрүшү элдик оозеки чыгармаларда кандайча чагылдырылгандыгын октууда;
- Элдик тил жана анын каражаттары коомдук фармациялардын өзгөрүшүнө байланыштуу говорлордун, диалектилердин, элдик тил менен адабий тилдин өнүгүп-өзгөрүш процессин үйрөтүүдө.

Буга ачык мисал катары коомдук түзүлүштүн ар кайсы мезгилинде пайда болгон «Кожожаш», «Эр Төштүк» эпостору менен «Эр Табылдыны» алып көрөлү.

«Кожожаш» эпосунун бизге белгилүү варианттарында бардык окуялар чыгарманын башкы каарманы болгон Кожожаш менен Сур эчкинин ортосундагы мамилелерге байланыштуу өтөт. Белгилей кетчү негизги факт, биринчиси - адам өкүлү Кожожаш, экинчиси - айбанаттардын өкүлү Сур эчки. Бирок экөөнүн ортосунда айыгышкан, компромиссиз күрөштө адам баласынын өкүлү Кожожаш жеңилип калат. Адам баласынын алгачкы жашоо-турмушунда мергенчилик өнөр күндөлүк турмушта уруунун жан сактоосу үчүн зарыл болгон кесиптин бири болгон. Алгачкы коомдогу мергенчилердин куралдары өтө примитивдүү болгондуктан, алар ууга чыкканда канаттуу куштардын, айбандардын жеке жүрүм-турумдарын, жашоо шартын терең талдап үйрөнүшүп, аны практикада чебер колдоно билишкен. Алгачкы мергенчилер мергенчиликке чыкканда кээ бир жаныбарлардын терилерин өздөрүнө жамынышып, ошол жаныбарлардын кыймылдарын тууроо аркылуу ошол «жаныбардын» түрүнө айланышып, ага жакындап, кармап же өлтүрүп алышкан. Мына ошол примитивдүү ой жүгүрткөн «жаныбарга» айланган адамдар: «Эмне үчүн айбандар дагы адамга айланбасын?» деген суроо коюшкан. Табияттын сырын түшүнбөгөн алгачкы общиналык коомдун мүчөлөрү андагы көрүнүштөрдү өздөрүнүн жекече кыял чабыты менен түшүндүрүүгө аракет кылышкан. Натыйжада, алгачкы обшиналык коомдо жашаган адамдар адам болобу, айбан болобу, бир түрдөн экинчи кубулууга болот деген ишенимге келишкен. Кубулуу ишенимине ээ болгон элдер жөнүндө белгилүү орус окумуштуусу Ю.Н.Семенов мындай деп жазган: «Дүйнө жүзүндөгү элдерде мурдагы мезгилдерде, ал гана эмес азыркы учурда да кубулуу ишеними кезикпеген же анын калдыктары аныкталбаган бир да эл жок».

Кубулуу ишенимине ээ болгон элдердин көпчүлүгүндө ал универсалдуу мүнөзгө ээ болсо, айрым бир элдердин өзгөчө тобунда кубулуунун бир гана түрү азыктануунун негизги булагы болуп, ошол жаныбардын түрүнө гана аңчылык кылуу аркылуу күн өткөрүшүп, алардын келечек тагдыры менен тыгыз байланышкан. Мисалы, деңиз боюнда жашаган түндүк элдери үчүн нерпа менен тюленге аңчылык кылуу эң башкы орунду ээлесе, тоолуу, токойлуу территорияда жашаган кыргыз эли үчүн аңчылык кылуучу жаныбардын эң башкы түрү - кайберен. Кайберен кыргыз элинин төмөндөгү элдик оозеки чыгармаларынын: «Тотой мерген», «Карагул ботом» жана «Кожожаш» эпосунун башкы каарманы гана болбостон, адам менен жоолашып, көпчүлүк учурда адамдарды жеңип келгени белгилүү.

«Кожожаш» эпосун кыргыз элинин кенже эпосторунун ичинен хронологиялык жактан эң байыркы деп айтууга төмөнкүдөй фактылар да негиз боло алат деп ойлойбуз:

1. Кыз Зулайканын Кожожашты тандап турмушка чыгышы.

2. Кожожаш менен Сур эчкинин эрегиши, Кожожаштын жеңилиши.

3. Кожожаштын уулу Молдожаштын Сур эчкини жеңиши жана анын кызы Ашайранга үйлөнүшү.

Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алып, көркөм чыгармаларды окуп-үйрөнүү боюнча методологиялык негиздерге таянып, педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык принциптерге ылайык чыгарманы төмөнкүдөй тартипте окуп-үйрөнүүнү сунуш кылабыз.

*I. Киришүү сабагында:*

1. Адабият теориясынан миф жана мифтик чыгармалар туурасында түшүнүк берүү. Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгындагы мифтик чыгармалардын алган орду жана дүйнө элдеринин мифологиялык чыгармаларынан кыскача кабар.

2. «Кожожаш» эпосун эл арасынан жыйноочулар, аткаруучулар, алардын варианттык өзгөчөлүктөрү.

3. Эпостун таралыш доору жана тарыхы георафиялык жактан таралган территориясы.

4. «Кожожаш» эпосунун башкы тематикасы, негизги идеясы.

5. «Кожожаш» эпосунун сюжеттик түзүлүшүн окуп үйрөнүүгө багыт алуу. чыгармачылык метод.

*II-III. «Кожожаш» эпосунун сюжеттик түзүлүшүн чыгармачылык метод аркылуу окуп-үйрөнүү:*

1.Эпостун сюжеттик линиясын бөлүктөргө ажыратып, көркөмдөп, комментариялап окуу.

2. Чыгарманын айрым бөлүктөрүн импровизациялап аткарууга үйрөтүү.

3. Чыгарманын образдар системасына талдоо жүргүзүү.

4. Көркөм сөз каражаттарын талдоо.

*IV. Чыгарма боюнча дилбаян жаздыруу*.

Биз жогоруда белгилегендей, кыргыз эпосторун окутууда хронологиялык жана тематикалык жактан баскычтарга бөлүп окутуу максатка ылайык деп айткан элек. «Кожожаш» эпосу чыгыш теги боюнча эң байыркы доорго таандык болуп, эпикалык-мифологиялык чыгармалар жөнүндө түшүнүк берүү зарыл. Мектептерде өткөрүлгөн бир нече жылдык эксперименттик тажрыйбалардын жыйынтыгын анализдей турган болсок, анда чыгарманы өтүүдөн мурда миф жана мифологиялык чыгарма жөнүндө түшүнүк алган окуучулардын билим деңгээли терең боло тургандыгы байкалды.

Орто мектептин окуу программасы боюнча миф жөнүндө түшүнүктөрдү адабий окуу мезгилиндеги кереметтүү жомоктор жана айбанаттар жөнүндө жомоктор менен катар VI класста «Эр Төштүк» эпосун өткөндө таанышкан менен, «Адабияттын түшүндүрмө сөздүгүндөгү» миф жана мифологиялык чыгармалар жөнүндө киришүү аңгемесин «Алтын куш» жомогундагы карышкырдын адамча сүйлөп, түрдүү кубулуу сапатына ээ болуу касиети жана «Эр Төштүк» эпосундагы баш каармандын аты Чалкуйруктун адамча сүйлөп, керек убактарда сакага айланышы, Төштүктүн жер алдына түшүшү, кумурска, аюу, жолборс менен достошуушу, жер алдындагы ал катышкан укмуштай окуялар жана Алп каракуштун жардамы менен жер үстүнө чыгышы жөнүндө кыскача эске салуу аңгемеси менен баштаганы максатка ылайыктуу. Эске салуу аңгемесинен кийин гана мугалим миф адам баласынын аң сезиминин эң төмөнкү баскычында, адам өзүн курчап турган айлана-чөйрөдөгү кубулуштарды, жаратылышта болуп турган көрүнүштөрдү өз аң – сезиминде жандандыруу ишеними аркылуу түшүнүүгө кылган эң алгачкы аракети экендигин окуучуларга тааныш кереметтүү жомоктор, айбанаттар жөнүндөгү жомоктордун жана VI класста өтүлгөн «Эр Төштүк» эпосунун мисалында түшүндүрүүгө тийиш. Алгачкы коомдо жашаган адамдардын аң сезими, ишеними боюнча өздөрүнүн жашоо-турмушу менен айбанаттардын жашоо-турмушунун ортосундагы кескин айырмачылыктарды көрүшпөйт. Адамдар айбандардан, айбандар адамдардан сырткы түзүлүшү, кебете-кешпири аркылуу гана айырмаланышат, акыл-эсинде, психологиясында, күндөлүк жашоо тиричилигинде бири-биринен өзгөчө айырмалап турган белгилер жок деп ишенишкен. Белгилүү фольклорист В.Я.Пропптун пикири боюнча, таптык жиктөөлөргө терең учурабаган элдердин жомоктору менен мифтерин айырмалоодо этнографтар менен фольклористтер кыйнала тургандыгын баса белгилеген. «Эгерде текстти гана изилдеп тим

болбостон, - деп жазган В.Я.Пропп, - тексттин социалдык функциясын изилдей турган болсок, анда биз көп жомокторду миф деп айтар элек». Кереметтүү жомоктор менен айбанаттар жөнүндө жөө жомоктор менен мифологиялык чыгармаларды окуучуларга ажыратып берүүдө белгилүү фольклорист окумуштуунун ушул пикирин мугалим эч убакта эсинен чыгарбашы керек.

**Адабияттар:**


1. Ишекеев Н. Прозалык чыгармаларды мектептерде окутуу. - Б., 1994.
2. Исаков Б. «Манас» сабагы. - Б., 1995.
3. Исаков Б. Окутуп тарбиялоо. - Ф., 1980.
4. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуу, 1-2-том. - Ф., 1981, 1983.
5. Бабанский Ю. Методика в современной школе. - М., 1985..
6. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. - Ф., 1979.
7. Айтматов Ч. «Манас» эпосуна арналган кириш сөз, 1-том. - Ф., 1978.